**2014-жылдын январь – ноябрь айлары ичинде акча-кредит көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь – ноябрь айлары ичинде экономикалык өсүш арым (УСКнын алдын берген маалыматтары боюнча) 3,5 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь – ноябрь айлары ичинде 10,7 пайыз), "Кумтөр" ишканасын эске алуусуз, реалдуу ИДӨ 4,3 пайызга өскөн.

2014-жылдын ноябрь айында инфляция жылдык мааниде алганда 10,2 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 4,4 пайызда калыптанган.

Сомго карата АКШ долларынын расмий курсу 2014-жылдын башынан тартып 17,0 пайызга өскөн жана 57,5957 сомду түзгөн (2013-жылдын январь – ноябрь айларында 3,3 пайызда калыптанган).

2014-жылдын январь – ноябрь айларында акча базасы 65 340,5 млн. сомду түзүү менен 10,7 пайызга кыскарган (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде акча базасы тескеринче, 7,7 пайызга өскөн), башка депозиттик корпорациялардын камдарынын 22,2 пайызга көбөйүшүнөн улам, жүгүртүүдөгү акчалар 13,7 пайызга азайган.

2014-жылдын ноябрь айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмү 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда төмөнкүдөй калыптанган:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 88,4 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 11,6 пайызда түптөлгөн.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар өтүп жаткан жылдын башынан тартып 6 341,5 млн. сомду түзүү менен 19,2 пайызга көбөйгөн, үстөк камдар 41,1 пайызга, 1 218,3 млн. сомго чейин көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде милдеттүү жана үстөк камдар тиешелүүлүгүнө жараша 21,6 жана 18,5 пайызга өскөн).

Акча базасынын кыскаруусу, негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, алар 2014-жылдын январь – ноябрь айларында акча базасын 12,4 млрд. сомго азайткан, аны менен бирге Өкмөттүн операциялары акча базасынын 4,6 млрд. сомго көбөйүшүнө салымын кошкон.

Аталган мезгил ичинде акча базасы, негизинен Улуттук банктын төмөнкү операцияларына таасирин тийгизген:

- валюталык интервенциялар акча базасын 22,7 млрд. сомго азайткан;
- «овернайт» депозиттери – жайгаштырылган каражаттардын дүң көлөмү 111,1 млрд. сомду түзгөн;
- «овернайт» кредиттери – берилген каражаттардын дүң көлөмү 54,2 млрд. сомду түзгөн;
- кредиттик аукциондор - берилген каражаттардын көлөмү 3,3 млрд. сомду түзгөн;
- ички рынокто алтынды сатып алуу - 654,9 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын январь – ноябрь айларында таза чет өлкө активдери 3,0 пайызга (же 2 948,4 млн. сомго) көбөйгөн, аталган активдердин өсүшү, сомдун (+10 836,7 млн. сомго) нарксызданышынан улам, нарктын баасынын өзгөрүшү менен шартталган, ал эми таза чет өлкө активдеринин операциялар эсебинен, тескеринче 7 888,3 млн. сомго төмөндөгөн.

Дүң эл аралык камдар 2014-жылдын январь – ноябрь айларында доллар эквивалентинде 1 973,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 267,9 млн. долларга азайган.

Жогоруда аталган мезгил ичинде таза ички активдер 10 747,3 млн. сомго азайган. Таза ички активдерди төмөндөтүүгө салымын, анын депозиттеринин өсүшүнөн улам, Өкмөт алдындагы милдеттенмелердин 9 521,1 млн. сомго көбөйүшү, ошондой эле нарктын баасынын таасиринен улам, капиталдын эсебинин 5 523,0 млн. сомго төмөндөшү таасирин тийгизген. Таза ички активдердин өсүшүнө салымын, кайра каржылоо инструменттери боюнча банктарга берилген каражаттардын көбөйүүсүн, ошондой эле жыл башындагыга салыштырганда ноябрь айында арылтуу көлөмүн эске алуу менен Улуттук банктын коммерциялык банктарга таза талаптарынын көлөмүнүн 8 674,1 млн. сомго көбөйүшү таасирин тийгизген.

## Акча топтомдорунун өзгөрүүсү

Банктан тышкаркы нак акчалардан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь – ноябрь айларында 82 835,6 млн. сомду түзүү менен 8,9 пайызга азайган (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 9,3 пайызга көбөйгөн, бул банктан тышкаркы акчалардын 14,3 пайызга кыскаруусу менен шартталган).

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы аталган мезгил ичинде 124 233,9 млн. сомду түзүү менен 2,8 пайызга көбөйгөн, бул негизинен, чет өлкө валютасындагы депозиттердин 38,3 пайызга, 41 398,2 млн. сомго чейин көбөйүүсү менен шартталган (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде М2Х 16,2 пайызга көбөйгөн).

М2Х акча массасынын түзүмү төмөндөгүдөй калыптанган:

- банктан тышкаркы нак акчалардын үлүшү – 42,7 пайызда (2013-жылдын 1-декабрына карата – 50,3 пайыз).
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү – 24,0 пайызда (2013-жылдын 1-декабрына карата – 23,7 пайыз).
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү – 33,3 пайызда (2013-жылдын 1-декабрына карата – 26,0 пайыз).

2014-жылдын ноябрь айынын акырына М2Хке кирген депозиттердин долларлашуу деңгээли жыл башынан тартып 7,4 пайыздык пункт көбөйүү менен 58,2 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттер, 20,1 пайыз - алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, 41 398,2 млн. сомду түзүү менен 38,3 пайызга өскөн, аны менен бирге эле улуттук валютадагы депозиттер 2,4 пайызга, 29 755,6 млн. сомго чейин көбөйгөн. Натыйжада, депозиттердин көлөмү 2014-жылдын январь – ноябрь айларында 71 153,8 млн. сомду түзүү менен (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 29,3 пайызга) 20,6 пайызга өскөн. 2014-жылдын январь – ноябрь айларында банктан тышкаркы акчалардын көлөмү 53 080,1 млн. сомду түзүү менен 14,3 пайызга кыскарган (өткөн жылдын тиешелүү мезгил ичинде банктан тышкаркы акчалар 8,1 пайызга көбөйгөн).

2014-жылдын январь – ноябрь айларында *экономикага кредиттер*[1] 29,4 пайыз - алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, 80 267,9 млн. сомду түзүү менен 40,4 пайызга (2013-жылдын январь – ноябрь айларында тиешелүүлүгүнө жараша 32,8 жана 30,7 пайызга) өскөн.

2014-жылдын январь – ноябрь айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 106 440,5 млн. сомду түзүү менен 716,8 млн. сомго (0,7 пайызга) көбөйгөн.

2014-жылдын ноябрь айынын акырына карата банк тутумунун таза ички активдери 2 613,6 млн. сомго (17,2 пайызга) көбөйүү менен 17 793,3 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын ноябрь айынын акырына карата эсептик чен Улуттук банк Башкармасынын чечимине ылайык 10,0 пайыз деңгээлинде белгиленген (ушул жылдын октябрь айынын акырына карата белгиленген деңгээлине салыштырганда +100 базистик пункттар).

2014-жылдын ноябрь айынын акырына карата 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 9,17 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулуктун даражасын мүнөздөгөн кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акчасынын мультипликатору 2014-жылдын 1-декабрына карата 1,901, ал эми М2 мультипликатору 1,268 түзгөн (2013-жылдын 1-декабрына карата, тиешелүүлүгүнө жараша 1,648 жана 1,219 түзгөн).

М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,0 пайызды, ал эми М2 акча топтому боюнча – 22,2 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь – ноябрь айларында – 31,0 жана 23,6 пайызды түзгөн).

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

2014-жылдын ноябрь айында акчалардын жүгүртүү ылдамдыгы (М2Х боюнча) айдын акырында 3,2 пайызды түзгөн

---

[1] Өкмөткө жана резидент эместерге берилген кредиттерден тышкары, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери.

Улуттук банктын кассасына 2014-жылдын январь – ноябрь айларында 69 769,2 млн. сом келип түшкөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6 000,2 млн. сомго, же 9,4 пайызга көбөйгөн, ал эми берүүлөр 6 836,3 млн. сомго, же 10,1 пайызга азайып, 60 594,0 млн. сомду түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылдын январь – ноябрь айларында 914 573,0 млн. сом келип түшкөн, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 194 592,5 млн. сомго, же 27,0 пайызга көбөйгөн, ал эми берүүлөр 178 904,8 млн. сомго, же 24,5 пайызга көбөйүп 910 160,8 млн. сомду түзгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил ичинде төлөм системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу деңгээлде сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,36 түзгөн болсо, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 2,78 түзгөн.